# Эгиздер үчүн ысым



Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

# Эгиздер үчүн ысым

Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Эгиздер үчүн ысым. Айка менен Бектин супер каникулу." Биринчи окуя (кыргыз тилинде), автор  Алла Пятибратова, сүрөтчү Адель Дуйшеева, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Таң эрте Айка менен Бек бак ичиндеги арыктарды тазалап жүрүштү. Түшкү маалда күн куйкалай баштады.

– Уф! Футболкам суу болду! – деп тердеп чыккан Бек күрөктү ыргытты.

Муну көргөн Айка каткырып жиберди.

– Айылда жүргөнүбүзгө үч күн болду. Биздин каникул укмуш болот дебедиң беле. Кана, укмуш окуялар? – деди Бек Айкага ачууланып:

– Ооба, айылга келгенибизге үч эле күн болду. Бир аз күтө туруш керек, – деди Айка.

– Жай бою күтөбүз. Ушинтип жер казып, сугарып жүрүп эле кетип калабыз. Жүрүңүз, жок дегенде барып сууга түшүп келели. Болбосо, саат 11 болуп кетет. Чоң атам күйүп каласыңар деп уруксат бербей коюп жүрбөсүн.

Бек ачышкан ийинин кыймылдатып койду. Кечээ күн кайнап жатканда чоң атасын укпай, көлгө түшүп келгени кетип калган. Аркасы кайнаган күнгө заматта күйүп калыптыр.

– Макул, бирок жээкке жакын түшөбүз, – деп Айка катуу эскертти.

Бек алмалардын арасындагы жол менен чуркап баратты. Ал Айканы келе жатабы деп артын кылчайып карады.

Айка болсо карагаттын түбүнөн бир нерсени карап туруптур. Ал колун булгалап Бекти чакырып: “Бери кел”, – деди. Бек артка көңүлсүз кайтып келди.

– Карасаң, – деп Айка оюнчук чаканы көрсөттү.

– А-аа, бал турбайбы... – деди Бек чаканы ала коюп, көңүлү калгандай. – Жыттап көрсөң, укмуш жыттуу экен! – Ооба, мен эч качан бал көргөн эмесмин да. Ушул да укмуш окуябы? – деди Бек.

Бек каникулу куру бекер өтүп кетет деп кейип жүрдү. Эмнеге ал Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги айылына жай бою жүргөнгө макул болду экен?


Шаарда деле бассейнде сууга түшсө болмок да. Бирок Бек кайра шаарга кетип кала албайт. Ал чоң атасы менен чоң энесине бакчаны каралашам деп сөз берген болчу.

– Мына белек деген ушул! Муну мен үйгө алпарам, – деп Айка сөөмөйү менен балды татып көрүп. Кыз үйдү карай кетти. Бирок ушул маалда анын маңдайынан бир аары пайда болду. Айка аарыны коркпостон карап турду. Аары да кызды кызыгуу менен тиктеди.

– Саламатсызбы! Биз бал таап алдык. Ооз тийиңиз! – деди Айка.

– Чоң рахмат! Бул менин балым турбайбы, – деп аары күлүп жиберди.





– Кечирип коюңузчу! Мен сиздин бал экенин билген эмесмин, – деди Айка ыңгайсыз боло түшүп. – Эч нерсе эмес. Бул балды силер үчүн даярдагам. Үйүңөргө алпарып, баарына ооз тийгизгиле! – деп аары кызды тынчтандырды.

– Ошентейин! Сиздин атыңыз ким? Бул балды ким берди десе, сиздин атыңызды айтайын! – Атым жок. – Бардыгынын аты болуш керек да. Менин атым – Айгерим. Эгизимдин аты – Бектур. Келиңиз, сизге да ат коёлу! – Мейли, – деп аары макул болду. Кыз ойлонуп калды. Көрсө, аарыга ат коюш аябай оор экен. – Мен азыр аттарды атайм. Сиз өзүңүзгө жаккан атты тандаңыз, – деди кыз.

Айка өзүнүн туугандарынын, тааныштарынын, курбуларынын, китептеги, мультфильмдеги каармандардын аттарын санап отурду. Бардык аттар жаккандыктан, аары өзүнө ылайык атты тандай албай койду.

– Сизди Айка деп эле атайлы. Кандай дейсиз? Меникиндей ат жактыбы? – деп сурады.

Аары көк шибердин үстүндө шаңдуу бийлей баштады. Айка аны байкап, артынан бир обонду созуп жатты. Бек гана унчукпай, таң калганынан оозун ачып карап турду.

– Айка! – деген үн аары улам конгон гүлдөн угулуп баштады.

Бир маалда аары кыздын артын карап, абада калкып калды.

Балдар бурулуп карашса, булуттай чогулган аарынын уюгу ызылдап турган экен.

– Булар менин бир туугандарым, – деп аары түшүндүрүүгө шашты.

– Кыздар, бери учуп келгиле! – деди аары.

Тиги булут бери жакындап учуп келди. Балдар көптөгөн татынакай аарыларды көрүштү.

– Баарыңар экөөбүздөй окшош эгиз экенсиңер го, – деди Бек.

– Булар менин жаңы досторум – Айка жана Бек, – деди аары.

– Мен эми силерди кантип тааныштырам. Менин синдилеримдин аттары жок да.


Аары капаланып, мына-мына ыйлап жиберейин деди. Бирок Айка ыйлаш үчүн себеп жок экенин айтты.

– Баарыңарга жетиштүү ысымдар бар. Кана, бир катарга тизилгилечи, – деди. Быкылдаган аарылар бир заматта тизилип калышты.

– Азаматсыңар! Тартип деген силерде күчтүү турбайбы! – деп кыз жактырды.

Айка улам бир аарыга кезек менен келип ат коюп жатты. Бирок аттар түгөнө баштады. Ошондо ал аттарды бөлүүнү ойлонду. Анастасия деген аттан тышкары Настя, Ия жана Стася дегендерди ойлоп тапты. Элмира деген аттан Эля жана Мира деген эки ат чыгарды. Мария дегенге Маша, Мэри дегендер кошулду.





Айнагүлдөн Айна жана Гуля деген аттарды чыгарды.

Ушинтип Айка бардык аттарды бөлүп чыкты. Бирок аты жок аарылар дагы деле өтө көп болчу. Алардын маанайы чөгүп калгандай туюлду.

– Достор, менин атам дайыма: “кейибейли” деп айтат. Мен үйгө чуркап барып, чоң апамдын адам аттары жазылган сөздүгүн алып келе коёюн. Силер учуп кетпей, ушул жерде туруп тургула, – деди.

Айка сөздүккө кеткенде, Бек кыздардын аттарын эле бөлүштүрүү калыстыкка жатпайт деп ойлоду. Ал дагы өзүнүн атын кимдир бирөөгө бергиси келип жаткан.

Айка чоң энесине анан шашпай айтып берем деп, китепти ала калып эле артка чуркап келди. Аарылар аны кубанычтуу үн менен тосуп алышты. Эми бардыгына ат табылды.

Аарылар бири-бирине аттарын айтып мактанып жатышты. Радмила, Ирада, Снежана, Клара, Зарина, Элима, Дамира, Агата, Мия…

Аарылардын айланып учканынан балдар чарчай баштады. Сөздүктө дагы ушунча аарыга жете турган ат ашып калды.

Аарыларга жумушка барууга убакыт келди. Алар гүлдөрдөн нектар чогултуу үчүн учуп жөнөштү. Балдардын жанында бир эле капалуу кумурска калып калыптыр.

– Мага деле бир ат таап бергилечи, – деди ал бир маалда күтүүсүздөн.

– Сага ат табылат! Сени Бектур дейли! Башка дагы бир туугандарыңар барбы? – деп бала кыйкырды.

Кумурска жооптун ордуна, бакчанын түбүн көздөй жөнөдү. Балдар кумурсканын чоң уюгуна ээрчип келишти.

– Ой, апаке! – деп Айка миң-сандаган кумурскалардын уюгун көргөндө кыйкырып жиберди.

– Мына сөздүк, иничек! Каалашыңча ат коё бер. Мен барып сени түшкү тамакка кечигип келет деп айтып коёюн.

Бектур маанилүү кишидей болуп башын ийкеп койду. Бул жерде ал өзүн командир сезди.





Кыз үйгө Айка деген аарынын балын алып келди.

– Мына сага! Аарылардын аты болорун билбепмин, – деп чоң атасы тамашалап күлүп койду.

– Эми бакчадагы миллион аарынын ар биринин аты бар, – деп Айка сыймыктануу менен билдирди.

– Азыр Бек болсо эгиз кумурскаларга ат коюп жүрөт, – деди.

– Апееей! Ал кечки тамакка кечигип калат го! – деп чоң эне алакандарын жайды.

Бек караңгы киргенде келди. Бардык суроолорго кол шилтеп, керебетине араң жетип жыгылды. Дароо катуу уйкуга кетти.

Чоң атасы неберелерин күн жаңы чыкканда эле ойготту.

– Ойгонгула! Досторуңар келишти!


– Кайсы достор? – деп Бек уйку-соонун арасында чулдурады.

– Тургула! Күттүргөн жарабайт! – деп кайталады чоң атасы.

Балдар ойгонуп, эшиктин алдына чыкканда эстери ооп, таң калышты.

Жерде миң-сандаган кумурскалар жүрсө, алардын үстүндө быкылдаган аарылар айланып учуп жүрүшүптүр.





– Эрте келгеним үчүн кечирим сурайм. Коңшу бактагы аары жана кумурска уюктарынын жашоочулары келишти. Алар силерден ат коюп берүүңөрдү суранып жатат, – деди таң калган балдарга Айка аттуу аары жанына учуп келип.

– Түшүнүктүү, – деп шыбырады Бек.

– Баарына ат коёлу десек, буга биздин каникулубуз жетпейт экен.

– Ура! Менде бир идея пайда болду. Жаңы досторубузга окуганды үйрөтүп, аларга ысымдар жазылган сөздүктү берип коёбуз. Жакшы көргөн аттарын өздөрү тандап алышсын! – деди Айка.

– Сонун ойлоп таптың! – деп Бек да сүйүнүп кетти. Аары-кумурсканын мектебине кош келиңиз!

Мына ушинтип, Айка менен Бектурдун айылдагы укмуштууканикулу башталды.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли